КР ЭМге караштуу ОЭКДнын
2024-жылдын_22-январындагы_№15____
буйругуна 2-тиркеме

**Электр энергетика чөйрөсүндө ишкердик ишти ишке ашыруу укугуна лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтердин ТИЗМЕГИ**

1. Отун-энергетикалык чөйрөдө ишкердик ишти (электр энергиясын өндүрүү, берүү, сатуу, бөлүштүрүү, экспорттоо жана импорттоо) ишке ашыруу укугуна лицензия алуу үчүн арыз ээси отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

1) төмөндөгүлөрдү көрсөтүү менен арыз:

- юридикалык жак үчүн - юридикалык жактын (уюмдун) толук жана кыскартылган аталышын жана уюштуруу-укуктук формасын;
- жеке жак үчүн – фамилиясын, атын жана атасынын атын;
- жайгашкан жерин;
- лицензиар кат алышууну, чечимдерди, кабарлоолорду, кабарландырууларды жөнөтүүнү жүзөгө ашырган электрондук почта даректери,

2) өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү - жеке жак үчүн;

3) мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү - юридикалык жак жана жеке ишкер үчүн же ишкердик ишмердүүлүккө патенттин көчүрмөсү;

4) арызды кароо жана лицензия жана (же) уруксат берүү үчүн мамлекеттик алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документтин көчүрмөсү **төлөө үчүн төлөм коду 14222710, алыш-бериш эсеби 4402011001000140, алуучу: Биринчи Май РКБ, Биринчи май району боюнча МСКБ, ИСН 01612199210061, Банк: Борбордук казыналык, БИК 440001**;

5) арыз ээсинин ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан арыз берилген учурда лицензиарга арыз жана ага тиркелген документтерди берүү укугуна ишеним кат.

6) банктык реквизиттер жөнүндө маалыматтар (юридикалык жактар үчүн);

7) техникалык коопсуздук чөйрөсүндөгү көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жабдуулардын жана инфраструктуранын техникалык коопсуздук стандарттарына ылайыктуулугу жөнүндө оң корутундусу (электр энергиясын экспорттоо жана импорттоо эске алынбайт);

8) лицензияланууучу ишти сапаттуу жана коопсуз жүзөгө ашырууну камсыз кылуучу квалификациялуу адистердин бар экендиги жөнүндө маалыматтар (дипломдордун, эмгек китепчелеринин, билими же квалификациясы жөнүндө күбөлүктөрдүн же сертификаттардын көчүрмөлөрү);

9) электр чарбасы үчүн жооптуу адис жөнүндө буйруктун көчүрмөсү;

10) материалдык-техникалык жабдылгандыгын жана лицензиялануучу иштин түрү боюнча ниеттерди толук баяндаган түшүндүрмө кат;

11) менчигинде электр энергиясын сатуу үчүн зарыл болгон жабдуулардын бар экендегин ырастаган документтердин (сатып алуу-сатуу/белекке берүү келишими, балансттык таандыктыгы жөнүндө акт же башка документ) көчүрмөлөрү (буга үчүнчү жактардын жабдуулары аркылуу электр энергиясын экспорттоо жана/же импорттоо учурлары кирбейт) ;

12) берилген документтердин тизмеси

2. **Электр энергиясын сатуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү үчүн** арыз ээси кошумча түрдө төмөнкү документтерди бериши керек:

1) арыз ээси өзү электр энергиясын өндүрүүчү (генератор) болуп саналган учурларды кошпогондо, үчүнчү жактардан электр энергиясын сатып алуу мүмкүнчүлүгүн ырастаган документтердин (контракттардын, ниет келишимдеринин, расмий каттардын көчүрмөлөрү) .

3. **Электр энергиясын берүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү үчүн** өтүнмө ээси төмөнкү документтерди кошумча берүүгө милдеттүү:

1) арыз ээсинин электр энергиясын берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнө үчүнчү жактардын кызыкчылыгын ырастаган документтердин көчүрмөлөрү (ниет келишими, коммерциялык сунуштар, расмий каттар).

4. **Электр энергиясын экспорттоо боюнча ишти жүзөгө ашыруу үчүн** арыз ээси төмөнкү документтерди кошумча берүүгө милдеттүү:

1) менчигинде зарыл болгон жабдуулардын болушун же үчүнчү жактардын жабдуулары аркылуу экспорттоо мүмкүндүгүн ырастаган документтердин (сатып алуу-сатуу/белекке берүү келишими баланстык таандыктыгы жөнүндө акт/ижара/ишенимдүү башкаруу келишими/өткөрүп берүү контрагы/ниет келишими же башка документ) көчүрмөлөрү;

2) экспортту ырастаган документтердин көчүрмөлөрү (керектөөчү менен контракт, контракт жок болгон учурда - контракт түзүлгөндөн кийин аны берүү жөнүндө кепилдик кат)

5. **Электр энергиясын импорттоо боюнча ишти жүзөгө ашыруу үчүн** арыз ээси кошумча түрдө төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

1) менчигинде зарыл болгон жабдуулардын болушун же үчүнчү жактардын жабдуулары аркылуу экспорттоо мүмкүндүгүн ырастаган документтердин (сатып алуу-сатуу/белекке берүү келишими/ баланстык таандыктыгы жөнүндө акт/ижара/ишенимдүү башкаруу келишими/өткөрүп берүү контрагы/ниет келишими же башка документ) көчүрмөлөрү;

2) импортту ырастаган документтердин көчүрмөлөрү (жеткирүүчү менен контракт, контракт жок болгон учурда - контракт түзүлгөндөн кийин аны берүү жөнүндө кепилдик кат).